№10 К Ботояров атындагы орто мектебинин баштапкы профсоюз уюмунун карамагындагы профсоюз мучолорунун эмгек тартибин социалдык-экономикалык жана алардын эмгегин, укуктарын, милдеттерин коргоо жонундогу баштапкы профсоюз уюмунун торагасы ,торайымы менен мектеп директору жана айылдык аймактын башчыларынын ортосундагы тыгыз байланышкан иштерди жургузуу жонундо 2011________

2014________жылдарга тузулгон уч тараптуу

# КЕЛИШИМИ.

Жийде айылы. 2011________________жыл.

Келишим 20__ жылдын «___»________
Өзгөн районунун Жээрен-Суу
айылдык Кеңешинде катталды.
Каттоо №___

1.Келишим билим берүү мекемелеринин баштапкы кесиптик уюмунун төрага, төрайымдары менен мектеп, мектепке чейинки мекеменин директору жана айылдык аймактын башчысынын ортосунда түзүлүп, кесип мүчөлөрүнүн кесибин, билимин, категоиясы жана кызматына ылайык билим берүү мекеменин ички тартибине жана Уставына баш ийип иликтөөгө милдеттендирет.

2.Келишимге тараптардын төмөнкү маселелер боюнча өз ара милдеттенмелери киргизилди, «Билим берүү жөнүндөгү», «Мугалимдин статусу жөнүндөгү», «Эмгекти коргоо жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, республиканын башка ченемдик, укуктук актыларында аларга каралган эмгек акы, эмгек шарты жана эмгекти коргоо, эс алууну уюштуруу, социалдык жеңилдиктерди жана кызматкерлердин кепилдиктерин чечүү

3.Айыл өкмөтү кесип мүчөлөрүнүн социалдык – экономикалык, моралдык, материалдык жактан колдоо көрсөтүүгө милдеттүү.

4. Мектептин директору Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин мыйзамына ылайык өз убагында эмгек акысын туура алып берүүгө жана аларга шарттарды түзүүгө милдеттүү.

5.Келишим кесип мүчөлөрдүн эмгектик, социалдык, экономикалык укуктарын жана алардын кызыкчылыктарын коргоо жана алар үчүн камкөрүүчү жана мектеп жамаатынын, жеке мүчөлөрдүн талаш - тартыштарды жана келишпөөчүлүк жактарын жөнгө салуу баштапкы кесиптик уюмдун милдети жана иши болуп эсептелет.

6.Келишим үч тарап кол коюлган күндөн баштап күчүнө кирет да 2015-2017 жылдарда үч тарап тең өзгөтүүлөрдү сунуш кылбаса түзүлгөн келишимди чексиз убакытка чейин узартып койсо болот.

7.Үч тараптуу келишим беш нускада түзүлүп, Жээрен- Суу айылдык кеңеште каттоодон өтүүгө милдеттүү.

## Тараптардын кызматташтыгынын негизги багыттары.

1. КРнын Эмгек Кодексинин 152-175 беренелерине ылайык кесип мүчөлөрүнө эмгек акылары туура жана так өз убагында төлөп берүүгө жетишүү.

Мектеп директору, профком

2.Райондук билим берүү бөлүмүнүн борборлоштурулган эсепканасы менен тыгыз байланышта иш алып баруу.

Мектеп директоу профком.

3.КРнын Эмгек Кодексинин № 185 беренесине ылайык билимин өркүндөтүү үчүн окууларга жөнөтүлгөн мугалимдердин сапар чыгымдарын өз убагында төлөп берүүгө жетишүү.

Мектеп директор, профком.

4.КРнын Эмгек Кодексинин № 164 беренесине ылайык жагымсыз шарттарда иштеп жаткан кызматкерлерге тарифтик ставкасына 15% кошумча акы төлөп берүүгө жетишүү.

- Компьютерде иштеген информатика мугалимине.
- Химия сабагынан окуткан мугалимдерге жана лаборанттарга, туалет тазалаган кызматкерлерге .
- Ысык плитада иштеп тамак бышыргандарга.
- Секретарь машинисткаларга.

Мектеп директор,профком.

5. «Мугалимдердин статусу жөнүндөгү» мыйзамдын № 10 беренесине ылайык билим берүү мекемелеринде эмгектенип жаткан кызматкерлерди жылына бир жолу акысыз медициналык кароодон өткөрүүгө жетишүү.

Айыл өкмөтү, мектеп директору.

6. «Мугалимдердин статусу жөнүндөгү» мыйзамдын № 8 беренесине ылайык мугалимдерге коммуналдык тейлөө (свет, отун, көмүр) берүүгө жетишүү.

Айыл өкмөтү.

7 «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамдын № 32 беренесине ылайык жогорку окуу жайын бүтүп, айыл жеринде иштеп жаткан жаш адистерге 10 эселенген бир жолу берилүүчү жөлөк пулду төлөп берүү.

Айыл өкмөтү.

8 «Мугалимдер статусу жөнүндөгү» мыйзамдын № 11 беренесине ылайык мугалимдерге жеке турак жай куруу үчүн кезексиз жер участкасын берүү.

Айыл өкмөтү.

9.КРнын Эмгек Кодексинин № 169 беренесине ылайык кызматкерлердин түнкү мезгилиндеги иштери үчүн эмгек акыларына кошумча төлөөлөрдү алууга жетишүү.

Мектеп директору,профком.

10.Жаңыдан жумушка алынган кызматкерлерге 5 күндүн ичинде эмгек китепчесин толтуруу.

Мектеп директору.

11.КРнын Эмгек Кодексинин № 71 беренесине ылайык мектептин кызматкерлерин бир айдан кем эмес мөөнөттө алардын эмгек акыларынын иш режиминин, эмгек шарттарынын өзгөрүлүшү тууралуу эскертүү.

Мектеп директору.

…кызматкерлерге жазган арызынын негизинде (үй-бүлөлүк шартына жана башка себептерге байланыштуу) акы төлөнбөгөн өргүү берилиши мүмкүн анын узактыгы кызматкер менен иш берүүчүнүн ортосундагы макулдашуу боюнча аныкталат.

Мектеп директору.

13.Кызматкерлердин узак мөөнөткө созулган оорусунан же анын узак мөөнөткө созулган эмгек акы төлөнбөгөн өргүүсүнөн башка учурда окуу жылынын учурда мектеп жетекчилигинин демилгеси боюнча окуу жылынын башталышында мугалимге коюлган окуу жүктөмүн азайтпоо.

Мектеп директору

14.Мугалимдерден башка кызматкерлердин (китепканачы, катчы, лаборант, тазалагычтар, ) жумушчу күн эмес майрам күндөрүнө туш келген учурда жумушчу күнүнүн узактыгы бир саатка кыскартылат.

Мектеп директору.

15. Окуу жылынын ичинде педагогикалык жамаатты башка иштерге тартпоо

Мектеп директору.

16. «Мугалимдин статусу жөнүндө» КРнын мыйзамынын № 7 беренесине ылайык мугалимдердин эмгек акыларынын алардын кагаз жүзүндөгү макулдуксуз кармап калууга жол бербөө.

Мектеп директору.

17.Сыртан окуган кызматкерге иш берүүчүнүн жолдонмосу боюнча жогорку окуу жайында окуп жаткан болсо, анын окуу өргүүсүн төлөп берүүсүнө жетишүү.

Мектеп директору.

18.Кырсыкка кабылуунун ар бир учурунда эмгекти коргоо жөнүндө КРнын мыйзамына ылайык анын кесибине иликтөө жүргүзүү максатында жогоруда турган профсоюз комитетине маалымдоо, мындай учурда кырсыкка кабылган адамга мыйзамда каралган жөлөк пулду төлөөнү көзөмөлгө алуу.

Мектеп директору,профком.

19.Окуу жылында бир жолудан кем эмес мектептин кызматкерлерине эмгек акылардын, алардын кошумча төлөөлөрүнүн жана үстөктөрүнүн чектелишин, ируугандыгы тууралуу баракчалардын туура толтурулушунун, оорусу жана эрөтү боюнча жөлөк пулдарды төлөөнүн тууралыгын көзөмөлдөө.

Профком.

.Окуучулардын жана мугалимдердин кароо – сынактарга олимпиадаларга, орттук мелдештерге баруулары үчүн жол акы чыгымдарын төлөө же унаа штуруп берүү.

Айыл өкмөтү

…тартибинин жана ирээтинин эрежелерин иштеп чыгуу

Мектеп директору.

22.Ижарага туруп мектепте иштеп жаткан жаш адистерге жергиликтүү бюджеттин эсебинен ижара акысын төлөп берүү.

Айыл өкмөтү.

23.Эмгектик кырсыкка учуроонун (жаракат, күйүк суукка алдыруу ж.б) натыйжасында убактылуу эмгекке жарамсыздыкка кабылган кызматкерлерге өндүрүштө кокусунан кабылгандыгы тууралуу актысы « Өндүрүштөгү кокусунан болгон кырсыктарды иликтөө жана эсепке алуу жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө» КРнын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 27-февралындагы № 64 токтому менен бекитилген Н-1 формасы түзүлгөн шартта жөлөк пулду төлөөнү көзөмөлдөө.

Мектеп директору, профком.

24. Окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында мектепте эмгектенип жаткан кызматкерлерге билим берүү системасында болгон жаңылыктар, ченемдик укуктук иш - кагаздары туралуу баяндама берүү

Профком.

25. Дем берүүчү эмгек акынын эсебинен ( стимфонд) мектептин профкомуна коомдук иштерди аткаргандыгы үчүн кошумча төлөмдөрдү жүргүзүүнү киргизүү

Мектеп директору.

26.Социалдык абал начар кызматкерлерди учетко алуу менен аларга райондук профсоюз комитети тарабынан материалдык жардам көрсөтүү.

Профком.

27 Кызматкерлер арасында кассалык жардам фонд уюштурууга жетишүү

Профком.

28.Акысыз өргүүдө жана декретте турган мугалимдерди жыл сайын бир ставкалык вакансиясын тарификациядан өткөрүп баруу .

Мектеп директору.

29.КРнын Эмгек Кодексинин № 86,87 беренелерине ылайык билим берүү кызматкерлери иштен бошогон учурда берилүүчү пособияларды өз убагында алып берүү.

Мектеп директору.

30.Мугалимдердин айлык акысын мыйзамсыз, макулдугу жок госстрахга кармап калууга жол бербөө.

Профком .

31.Жогорку окуу жайын бүтүрүп келген адистерди иш менен камсыз кылууга жетишүү.

Мектеп директору.

32.Жаш мугалимдердин иштөө жана жашоо шарттарын жакшыртууга жетишүү жана аларды көзөмөлдөп туруу.

Мектеп директору, профком.

33.Мугалимдерге бир ставкадан кем эмес сабак жүктөмөсү менен камсыз кылууга жетишүү.

Менктеп директору.

34.Мугалимдердин макулдугу жок сабак бөлүштүрүүгө жол бербөө.

Профком .

35. Мугалимдердин өз квалификациясы боюнча сабак берүүсүнө жетишүү.

Мектеп директору.

36. «Мугалимдердин статусу жөнүндөгү» № 12 беренесине ылайык жогорку окуу жайын жаңыдан бүтүрүп келген эркек балдарды айыл мектебинде иштегендиги үчүн аскердик кызматтан бошотууга жетишүү.

Мектеп директору.

37. Жамааттын ичиндеги талаш-тартыштарды кароо боюнча мектепте атайын талаш - тартыш комиссиясын түзүү.

Мектеп директору , профком.

38.Мугалимдерди айыпсыз иштен бошоткон учурда мугалимдердин эмгек акысын бошоткон жетекчинин эсебинен төлөтүп берүүсүнө жетишүү.

Профком.

39.Прфсоюздун макулдугусуз кызматкерлерди иштен бошотууга бөгөт коюуга жетишүү.

Профком.

40.Мугалимдердин эмгек китепчелерине ишке орношкондугу, бошогондугу боюнча жана жыл ичинде алган мактоолорунун жазылышын өз убагында жүргүзүү .

Мектеп директору.

41. КРнын Эмгек Кодексинин № 116-143 беренелерине ылайык кесип мүчөлөрүнө эмгек өргүүлөрдү өз убагында берүү жана толугу менен пайдаланусуна жетишүү.

Мектеп директору.

42.Мектепте пенсия жашына жеткен мугалимдердин тизмесин тактоо жана аларды эс алууга , узатууларды уюштурууга жетишүү.

Мектеп директору, профком.

43. Мектепте « Жылдын мыкты мугалими», « Жылдын мыкты класс жетекчиси», «Жылдын мыкты каанасы» кароо-сынактарын уюштуруу жана анын жыйынтыгын чыгаруу.

Мектеп директору, профком.

44.Мугалимдердин билимине, жөндөмүнө жараша сабактарды туура бөлүштүрүп, арыз - даттанууларды болтурбоого жетишүү.

Мектеп директору,профком.

45. Алдыңкы мугалимдердин иш - тажрыйбасын районго, областка жайылтуу жана аларды райондук ,областтык, республикалык сыйлыктарга көрсөтүүнү колго алуу

Мектеп директору,профком.

46.Мектепте мугалимдер үчүн эс алуу бөлмөсүн уюштуруу , аны керектүү эмеректер менен жабдуулар\( телевизор, газеталар,усулдук адабияттар, көркөм адабияттар, аптечка, турмуш-тиричиликтин эмеректери) менен камсыздоого жетишүү

Мектеп директору,профком.

47.Мугалимдердин ден-соолугун чыңдоодо нөөмат менен эс алуусун уюштуруу

Профком.

48.Мектептин баштапкы кесиптик уюмунун төрагасын ( төрайымын ) отчеттук кайра - шайлоо чогулушунун негизинде гана кайра беш жылда бир жолу шайлоо өткөрүү.

Профком.

49. Мектептин баштапкы кесиптик уюмунун төрагасынын жыл сайын жаңыдан шайлоого жол бербөө.Эгерде кайра шайлоо өткөрө турган абал болсо, анда райондук профсоюз комитети менен макулдашуунун негизинде кайра шайлоо ишин жүргүзүү.

Мектеп директору, профком

50.Келишимде көрсөтүлгөн пункттардын аткарылышы жөнүндө бир жылда бир жолудан кем эмес жамааттын алдында отчет берип туруу.

Мектеп директору,профком.

51.Профсоюздун Уставына жана КРнын Эмгек Кодексинин беренелерине ылайык профсоюздардын ишин, укугун жана кейпилдиктерин коргоп турууга жетишүү.

Профком.

[illegible] мүчөлөрү иштен бошогондо бир жолу берилүүчү пособия жөнүндө төмөнкүлөрдү билүүсү зарыл. Ал пособияларды төлөө КРнын Эмгек Кодексинин негизинде:

- Мекеме уюмдар жабылганда.
- Штаттар кыскартылганда.
- Ден-соолугуна байланыштуу.
- Кесип мүчөлөрүнүн адистик жөндөмдүүлүгүнүн жетишсиздиги негизинде талапка жооп бербегендигинде.
- Кесип мүчөлөрү аскердик кызматка чакырылганда.
- Өмүр жолдошунун башка ишке которулганда
- Кесип мүчөлөрү эмгек келишимди же эмгектик мыйзамды бузууларга жол бергенде.

Мектеп директору.

53. КРнын Эмгек Кодексинин № 133 беренесине ылайык кесип мүчөлөрүнө төмөндөгүдөй акы төлөбөгөн кошумча өргүүлөр берүүгө жетишүү:
- Иштеп жаткан майыптарга 60 календердик күнгө
- Бала төрөгөндө, никеге катталганда, жакын туугандары каза болгондо 5 календардык күнгө чейин
- Кошумча өргүүдө турган мезгилде кызмат ордун сактоо

Мектеп директору.

54. Мектептеги кесип мүчөлөрүнүн укугун коргоо жана алардын милдеттерин түшүндүрүү, аларга практикалык жактан жардам берүү максатында КРнын Эмгек Кодексин Уставты, «Позиция профсоюза» гезитиндеги жаңы материалдарды окутуу жана жеткирүү.

Профком.

55.Кесип мүчөлөрүнүн мектепте иштөө үчүн төмөндөгүдөй шарттарды түзүп берүүгө жетишүү.

- Билимине, жөндөмүнө, категориясына жараша сабактарды туура бөлүштүрүү.
- Кесип мүчөлөрүнүн үй шарттына, балдарынын жашына карата сабактардын жүгүртмөсүн туура түзүп берүү.
- Класстык бөлмөлөрдүн кыш мезгилинде жылуулугун сактоо.
- Оорулуу мугалимдерге өзгөчөлөнгөн түрдө мамиле жасоо.

Мектеп директору.

56. Мектептеги кесип мүчөлөрүнүн арасында чыр-чатактарды, улутчулукту болтурбоо жана ынтымакчылыкты,биримдикти күчөтүүгө жетишүү.

Профком.

57. Мугалимдердин макулдугу менен газет журналга жазылууну уюштуруу.

Мектеп директору, профком.

58 Мектепте кызматкерлердин жана окуучулардын эмгегин коргоодо техникалык кырсыкты болтурбоо боюнча төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттүү:

- Ачык турган электр шаймандарын, эскирген электр зымдарын, разеткаларды жаңылоо.
- Мектептин айланасындагы чуңкурларды оңдоону колго алуу.
- Өрткө каршы эмеректерди толуктоо, иштерди уюштуруу.

Мектеп директору.

59 Мектепте өрткө каршы : өрт коопсуздугун сактоо максатында щить лопатка,челек,кум жана суу келиесун уюштуруп, жөнгө салуу, эвакуация пландарын ар бир этаж жана бурчтарга илип коюга жетишүү.

Мектеп директору.

60.Мектеп техникалык кырсыкты болтурбоо боюнча төмөнкүлөрдү аткарууга жетишүү:

- Эмгек сабагын окутууга атайын кийимдердин болушу.
- Электр энергиясын колдонуп окуткан кабинеттерде резина поликтер менен камсыз кылуу , бөлмөлөрдү жана залдарды техникалык майлар менен тазалоого жол бербөөгө жетишүү.

Мектеп директору.

61 .Окуучуларга сапаттуу билим, татыктуу тарбия берүүдө, аларга ыңгайлуу шарттарды түзүү үчүн мектептин материалдык-техникалык базасын жакшыртууга жетишүү.

Мектеп директору.

62.Арыздар, даттануулар, сунуштарды өз убагында чечүү.

Профком.

63.Жаңы келген мугалимдерди баштапкы кесиптик уюмуна мүчөлүккө кабыл алуу.

Профком.

64.Эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча баштапкы кесиптик мүчөлөрүнү аттестациядан өткөрүп инструктаж берүү жана каттоо журналга кол койдурууну көзөмөлдөө.

Мектеп директору, профкому .

Кызыл-суу айыл
өкмөтүнүн
башчысы ............ А. Тилекбаев

Мектеп дир.: ............ Арыкова А.

Проф. уюмунун башчысы: ............ Камчыбекова А.